**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**
**АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**
**АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышы**

**Таш-Дөбө а.** **5-сентябрь 2025 ж.**

# ТОКТОМ №52

## Арашан айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарды тартипке келтиүү жана коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча чараларды өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 «Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарды тартипке келтирүү боюнча чараларды өткөрүү жөнүндө» Жарлыгын жана 2024-жылдын 6-декабрындагы №194 «Тынчтык жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ошондой эле коомдук тартипти сактоо жана коомдук жайлардагы тартипти жакшыртуу максатында:

1. Салтанаттуу иш-чараларды (той, эскерүү ж.б.) саат 22:00дө аяктоо талабын жергиликтүү кеңештин депутаттары аркылуу бекитүү боюнча сунушту өз убагында киргизип, тиешелүү чечимдердин кабыл алынышын Арашан айыл өкмөтү камсыз кылынсын.

- Ресторандардын, банкеттик залдардын, жайкы кафелердин жана ушул сыяктуу коомдук тамактануучу жайлардын ишин саат 22:00дө толук токтотуу боюнча ченемдерди бекитүү иштери камсыздалсын;
- Калк арасында түшүндүрүү иштерин, ишкерлер менен маалыматтык жыйындарды өткөрүүнү уюштурулсун.

2. Бул тескеменин аткарылышын Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.К. Калыков**